# №1 гимназия-жатак интернатынын окуу бөлүм башчысынын 2022-2023-окуу жылындагы өтүлүүчү ийримдеринин ишине анализи

Ийримдер мектептин педагогикалык кеңеши менен макулдашылып, мектептин директору тарабынан бекитилди. Ийримдер окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүн, кызыкчылыктарын, талаптарын канааттандыруу, билим алуу, кесип тандоо максатында уюштурулган.Кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили, тарых, химия, биология, математика, информатика, география педметтеринен ийримдер өтүлүүдө. Ийрим өтүлгөн класстар билим берүүнүн конкреттүү маселелерин чечүүгө, окуу планында каралган көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү кеңейтүүгө, билимди практикада колдонууга, ден соолукту сактоо жана чыңдоого милдеттүү.

Мындан сырткары окуучулардын мүдөө-талаптарын ишке ашыруу максатында кошумча ийримдер иштеп келе жатат. Атап айтсак: Г.Тойчубаева 11-класстар үчүн "ЖРТга даярдоо", "Жаш журналист" ийримин өтүп келет. Ийримдин катышуучулары мектебибиздин "Медиа бурчун" иштетип келе жатат. К.Маматова "Жаш дебатчы" ийримин өтүп, дебатер окуучулары райондук, облустук, республикалык сынактарга катышып, ийгилик жаратып келди. "Дебат финалисти 3.0" сынагынын райондук, облустук, республикалык турларында активдүү катышып, диплом, баалуу сыйлыктарга ээ болду.

Жатакана окуучулары үчүн да ийримдер өтүлөт. К.Шайдиллаева "Кол өнөрчүлүк" ийримин өтүү менен окуучуларды токуучулуктун ар түрдүү формасын практика жүзүндө колдонууга үйрөтүп келет. Райондук деңгээлдеги кол өнөрчүлүк сынактарына катышып, ийгилик жаратып келүүдө. "Китеп сүйүүчүлөр" ийрими- окуучулардын сүйүктүү сабактарынын бири. Г.Умаркулова аталган ийримди жетектейт. Кыргыз көркөм адабияты, кыргыз балдар адабияты, дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды окутуу менен балдардын дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн, билим-тарбиясын өстүрүүгө салымын кошууда. А.Момунова "Кызыктуу математика" ийримин математика сүйүүчүлөр үчүн өтүп, математикалык теңдемелер, теңдештиктер, маселелер, мисалдар ж.б. жөнүндө окутуп үйрөтүүдө. У. Матубраимова "Санитардык гигиена" ийриминде күндөлүк гигиена, туура тамактануу, витаминдүү азыктар, жугуштуу оорулар, дене көнүгүүлөрү жөнүндө окутуп, турмушта колдонууга өз салымын кошууда.

ОББ: А.Аширбаева